**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д 10.24.700 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК:81:811.512.154:808.5

**Мураталиева Уркуя Тойчуевна**

# СӨЗДҮН МАГИЯЛЫК КУДУРЕТ-КҮЧҮ: РИТОРИКА МАСЕЛЕСИ

**10.02.01 - кыргыз тили**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек -2024**

Диссертациялык иш Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин кыргыз филологиясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси: Мусаев Сыртбай Жолдошович**
филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун башкы илимий кызматкери

**Расмий оппоненттер: Дунканаев Абдыкалык Токтогулович**
филология илимдеринин доктору, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору
**Максутова Айзада Асанбековна**
филология илимдеринин кандидаты, доцент, Эл аралык Кувейт университетинин социалдык-гуманитардык, табигый дисциплиналар жана дене тарбия кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27

Диссертациялык иш 2025-жылдын 17-январында саат 14:00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-e6q-jiw-jrm

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун (720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 16-декабрында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин доктору, доцент — С. К. Каратаева

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы учурда риторика грамматика, логика, стилистика, кеп маданияты, поэтика өңдүү жана башка бир катар дисциплиналар менен тыгыз байланыштагы, филологиялык циклдагы илим катары гана эсептелбестен, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес аларды \өздөштүрүүнүн «кептик инструментине» айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирлүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги же искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Демек, коммуникациянын башка түрлөрү менен катар, адамзат коомунда вербалдык коммуникациянын ролунун азыркы учурдагыдай деңгээлге жетип, татаал системага айланып, тармакталышын риториканын педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, аскерий риторика, дипломатиялык риторика, эвристикалык риторика, иштиктүү риторика, илимий риторика, компоративистик риторика, полемикалык риторика, манипуляциялык риторика, медиариторика, медициналык риторика, кара риторика өңдүү бир катар түрлөргө бөлүнүшүнөн да көрүүгө болот. Маселен, кара риторикага: «сүйлөшүүнү каалаган нукка буруу, оппоненттти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу» [Бредемайер, 2014, 7], «баарлашууну жеке мүнөзгө өткөрүү, этикалык нормаларды одоно бузуу жана оппоненттти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу менен, аны өзүнүн эркине баш ийдирүүгө, макул кылууга багытталган аракеттердин жыйындысы» [Кривенышева, 2003] деген өңдүү аныктамаларда аракеттердин баары «оратор» түшүнүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Андыктан турмушта демагогия, псевдологикалык технологиялар, вербалдык агрессия, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын кайсы бирин анын кара риторикага мүнөздүү экендигин билбей же аңдабай колдонгондугубуздун өзү кара риториканын биздин коомдук турмуштагы кептик реалдуулук экендигин айгинелейт. Демек, мындай кептик реалдуулук катары эсептелген кара риториканын теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө арналган биздин ишибиздин темасынын **актуалдуулугун** төмөндөгүдөй жагдайлар аркылуу негиздөөгө болот:

• кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн объектиси болбогондугу;

• коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбагандыгы;

• кыргыз тил илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин объектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык өңүттөрдөн талдоого алынганы менен, тексттин риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү;

• кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылып берилбегендиги.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн илимий программалар жана илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин илим-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Изилдөө ишинин негизги максаты катары жалпы риториканын изилдөө ишине байланышы бар айрым өзөктүү маселелеринин, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилдөө саналат.

**Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлат:**

1) жалпы риториканын, анын ичинде кара риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы концептуалдуу көз караштарга, илимий адабияттарга сереп жүргүзүү;

2) жалпы риториканын алкагында каралчу негизги, базалык түшүнүк-категорияларды, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптерин, прецеденттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында изилдөө;

3) кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар өңдүү теориялык негизги маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында иликтөө;

4) текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу өңдүү маселелерге илимий негизде илик жүргүзүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Жалпы риториканын айрым негизги маселелери менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын

мисалында каралышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Мындан тышкары риторикалык фигуралардын кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, манипуляциялык ык-амалдарын, псевдологикалык технологияларын реализациялоо максатында колдонулушун, көркөм текстке риторикалык талдоонун жүргүзүлүшүн жана ушул өңдүү өзөктүү аспектилерге тиешелүү бир катар маселелердин изилденишин иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитидүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги башка тилдик фактылардан тыш-кары, фольклордук чыгармалардын үлгүлөрүнөн ачык көрүнөт.

2. Айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу кеп маданияты жана стилистика багытындагы изил-дөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлөт. «Кеп маданияты» түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен болуп эсептелет.

3. Кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикаларды, манипуляциялык ык-амалдарды, псевдологикалык технологияларды реализациялоодо риторикалык фигуралар өзгөчө мааниге ээ болот.

4. Кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да ритори- калык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Риториканын айрым өзөктүү маселе-леринин, ошону менен эле бирге кара риториканын прициптеринин, анын суггестивдик лингвистика менен болгон байланышынын, кептик стратегия-лардын типологиясынын, кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдардын, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушунун, апозиопезис, прозиопезис жана парцелляция өңдүү теориялык, ошондой эле көркөм жана медиатексттердин риторикалык талдоо жүргүзүүгө байланыш-кан практикалык мүнөздөгү маселелердин кыргыз тилинин факт-

материалдарынын негизинде изилдениши автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана андан алынган натыйжалар боюнча республикалык, регионалдык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмуну боюнча 10 макала жарыяланып, анын ичинде КР ЖАК тарабынан расмий каттоодон өткөн жыйнактарда 7, РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү басылмаларда 2 макала жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш-үүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 190 бетти түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн объектиси, предмети, максаты, милдеттери көрсөтүлүп, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор белгиленип, алынган натыйжалардын колдонулуу чөйрөсү аныкталып, алардын апробациясы, жарыяланышы жана иштин түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилген.

**I бап** «**Риториканын теориялык маселелеринин изилдениш алабалына жалпы сереп**» деп аталып**,** анда риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилденишине сереп салынды.

**1.1. Риториканын жана кара риториканын айрым маселелеринин жалпы тил илиминде изилдениши.** Бөлүмдө натыйжалуу, көркөм сүйлөөнүн теориясы жана искусствосу катары риторика байыркы Грециядан башат алгандыгы, ошондой эле Римдеги риторканын өкүлдөрү Цицерондун, Квинтилиандын эмгектери тууралуу сөз болгон. Мындан тышкары жалпы риториканын, аны менен бирге кара риторикага тиешелүү маселелердин теориялык өңүттөн изилденишине байланыштуу жазылган орус тилиндеги алгачкы эмгек катары эсептелген XVII кылымдын биринчи жарымындагы митрополит Макариянын калемине таандык «Риторика» деген эмгек жөнүндө айтылып, ал эми XIX кылымда орус тил илиминде риторикага карата мамиле кескин өзгөргөндүгүнө байланыштуу төмөндөгүдөй жагдайлар белгиленген. Атап айтканда, риториканы бир тараптуу сындап чыкан окумуштуулардын сап башында белгилүү орус тилчи-окумуштуусу А. А. Потебня турган. Акырындап «риторика» деген сөз негативдүү коннотацияга ээ болуп «советтик риторикалык штамптардын» таасири астында чыныгы риторика илим катары макамын жоготкон. Риторикага альтернативдүү айрым түшүнүктөр колдонула баштаган. Маселен, «кеп маданияты» деген түшүнүк Г. О. Винокур, В. В. Виноградов, С. И. Ожегов

өңдүү окумуштуулар тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү аталыш болуп эсептелет. Анткени Советтер Союзунда риториканы кескин сынга алуу менен, анын ордуна, жогоруда аты аталган окумуштуулар стилистика, кеп маданияты өңдүү предметтерди изилдөө керектигин айтып келишкен. Мындай аракеттердин активдешүүсү риториканы саясий өңүтүнөн ажыратып, аны адабий тилдин нормасына байланышкан маселелерди гана изилдөө менен чектелген илим тармагына айландыруу максаты аркылуу түшүндүрүлгөн [Граудина, Кочеткова, 2001, 81]. Бул бөлүмдө сөз болуп жаткан багыттарда изилдөө жүргүзүшкөн окумуштуулардын ысымдары жана алардын эмгектери талдоого алынып, тыянактар чыгарылган.

**1.2. Риториканын айрым маселелеринин түркологияда кеп маданиятынын алкагында изилдениши.** Мындан мурунку бөлүмдө сөз болгондой, XIX кылымда орус тил илими жаатында риториканын сынга алынып, анын ордуна кеп маданияты жана стилистика багытында изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Советтик тил илиминдеги мында тенденция мурунку союздук республикалардын титулдук улуттарынын тил илимдерине, анын ичинде кыргыз тил илимине да таасирин тийгизген. Бул параграфта түркология жаатында да сөз болуп жаткан тенденция эгемендүүлүктүн алгачкы жалдарына чейин сакталгандыгы казак, азербайжан, өзбек тил илимдери жааттарындагы изилдөөлөрдүн мисалында көрсөтүлгөн. Маселен, казак тил илиминде риториканын маселелери, казак тилиндеги чечен сөздөрдүн көркөмдүк табияты жана анын түрлөргө бөлүштүрүлүшүнө байланыштуу маселелер каралган алгачкы эмгек катары А. Байтурсуновдун 1926-жылы жарык көргөн «Адабият таанытчыч» эмгеги аталат. Риториканын изилденишинин андан кийинки этаптары А. Маметованын [1945], Б. Адамбаевдин [2019], Р. Сыздыкованын [2005] эмгектеринде улантылган. Ал эми кара риторика багытында сөз кылганда, кыргыз тил илиминдегидей эле анын айрым формаларынын сөз өнөрүндө, асыресе, фольклордук чыгармаларда, атап айтканда, каргыштарда, магиялык поэзиянын алкагында айтылган суггестивдик тексттерде кезигет. Казак фольклорунда каргыштар боюнча малымат Х. Досмухамедов тарабынан берилген [Қазақ дебиетшщ тарихы, 2013,54]. Ал эми алтай уясындагы тилдердеги каргыштарды изилдөөгө байланышкан илимий эмгектерде кара риториканын элементтери да изилденгендиги туурасында тыянакка келүүгө болот. Маселен, алкыш, бата сыяктуу эле каргыштар да адабияттык жана тилдик өңүттөрдөн изилдөөгө алынган эмгектерге Н. Шатинованын «Об одной разновидности заклинаний в алтайском фольклоре» [Шатинова, 1979], Б. Оспанованын «Магические жанры казахского фольклора» [Оспанова,2002], Н. Г. Раджабованын «Структурно-семантический анализ благопожеланий и проклятий даргинского языка» [Раджабова, 2012] өңдүү изилдөөлөрүн киргизүүгө болот. Мындан тышкары бул параграфта Советтер Союзунун курамына кирген түрк тилдүү элдердин тил илимдеринде эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып,

риториканын маселелеринин изилдениши кайрадан жандангандыгы туурасында да сөз болгон.

**1.3. Риторикага, кара риторикага түз жана кыйыр байланышкан айрым маселелердин кыргыз тил илиминде изилдениши.** Риториканын маселелеринин кыргыз тил илиминде изилдениши тууралында сөз болгондо, кыргыз элинин эпикалык маданиятынын алкагында калыптанып, өнүгүп, өзгөрүп келаткан чечендик өнөрдү өзүнчө, ал эми анын теориялык маселелеринин изилденишин, б.а., илимий риториканын кыргыз тил илиминде калыптануу эволюциясын өзүнчө карап иликтөө зарыл. Маселен, фолькористика жаатындагы изилдөөлөрдө чечендик өнөрдүн жанрдык, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, өнүгүү этаптары өңдүү өзөктүү маселелер каралган. Мындай изилдөөлөргө А. Ибраимованын «Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик сөздөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» аттуу изилдөөсүн (1998), Т . Асановдун «Чечендик өнөрдүн теориялык-практикалык ыкмалары акындар айтышында» (2008), А. Обозкановдун «Чече-ндик айтыш өнөрү» (2016), Б. Сабыр уулунун «Жээренче чечен», «Акыл Карачач» (2016), Актан Тыныбектин «Көкөтөй чечен» (2016), Г. Мамытованын «Эл куудулу Куйручуктун сегиз артыкчылыгы» (2016), К. Жакыповдун «Куйручук олуя, чечен» (2016) өңдүү илимий макалаларды киргизүүгө болот. Ал эми кара риториканын демагогия, псевдологикалык технологиялар, вербалдык агрессия, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдарды биздин фольклордук чыгармаларыбызда, маселен, «акыйнек айтышуу», «кордоо айтыш», «каргыш» өңдүү жанрлардан тышкары эпикалык чыгармаларда да жашап келгендиги бул параграфта белгиленген. Ошондой эле Женижоктун Эсенамандын кордоосуна берген жообунан мисал келтирилген:

*Арка кылар ага жок,*
*Азып кеттим Аксыга.*
*Каралап баргам ал жерге,*
*Таякемди-тагамды.*
*Арка кылып эркелеп,*
*Ата-эне кылдым аларды.*
*Туурлай турган жер болсо,*
*Эсеке, туугандан качып барамбы?*
*«Баркыңды билбейт» -деп айтып,*
*Басынткансып сүйлөдүң.*
*Бардык эл сыйлап, бapктaшат,*

*Баамды чалым билбедиң* - деген жооптору бейконфронтациялык стратегиядагы жооп катары мүнөздөлүү менен, контраргументациянын каршы пикир айткан тараптын пикирин жокко чыгарууга багытталган ***апофазис*** (бардык аргументтери жокко чыгаруунун ырааттуу аракети), ***антирезис*** (каршылаш тараптын келтирген жүйөлөрүнүн негизсиздигин

далилдөө аракети) жана ***антистрефон*** (оппоненттин аргументтерин өз пайдасына чечмелөө) өңдүү композициялык бөлүктөргө бөлүнүп каралып, бир катар теориялык мазмундагы тыянактар чыгарылган.

**II бап «Изилдөөнүн материалдары, методдору жана базалык түшүнүктөрү»** деп аталып, мында изилдөөнүн объектиси, предмети, ошондой эле материалдары жана методдору жөнүндө маалыматтар берилди.

Изилдөөнүн **объектиси** катары жалпы жана кара риторикадагы стратегиялар, кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар эсептелет. Ал эми изилдөөнүн **предмети** катары риторикалык фигуралар, көркөм тексттер, саясий медиатексттер тандалып алынды.

**2.1. Изилдөөнүн материалдары жана булактары.** Теориялык өңүттөн алып караганда, изилдөөнүн материалдары катары ар кандай турмуштук кырдаалдардагы кептик жүрүм-турумдун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана кептин таасирин арттыруу үчүн аларды колдонуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрү, көндүмдөрү жалпы риториканын маселелери катары каралган. Атап айтканда, В. И. Аннушкин (1989), Ю. В. Рождественский (1997), Н. Б. Мечковская (1998), Т.В.Анисимова, Е. Г. Гимпельсон (2008), Н. А. Безменова (1991), В. А. Гофман (2010), А. К. Михальская (2008), С. Ф. Иванова (1978), С. А. Минеева (1991), А. А. Волков (2001), Л. Н. Горобец (2008), Е. В. Клюев (2001), О. А. Баева (2002), Д. Вайссман (2004), Л. Г. Павлова (2004), К. Бредемайер (2005) өңдүү ж.б. бир катар окумуш- туулар тарабынан сунушталган теориялык жол-жоболор, илимий концеп- циялар изилдөөнүн негизги теориялык материалдары катары иликтенди. Ал эми теориялык материалдардын мазмунуна ылайык, Ч. Айтматов, Б. Бедю- ров, Д. Исанов, Т. Касымбеков, О. Капалбаев өңдүү бир катар автор-лордун чыгармаларынан, эмгектеринен иллюстрациялык материалдар алын-ган. Мындан тышкары иллюстрациялык материалдар иретинде интернет булак- тарынан медиатексттер тандалып алынып, талдангандыгын да кошумчалоого болот.

**2.2. Изилдөөнүн негизги аспектилери жана методдору.** Диссертациялык иштин теориялык жана методологиялык базасын В. И. Аннушкин (1989), Ю. В. Рождественский (1997), Н.Б.Мечковская (1998), Т. В. Анисимова, Е. Г. Гимпельсон (2008), Н. А. Безменова (1991), В. А. Гофман (2010), А. К. Михальская (2008), С. Ф. Иванова (1978), С. А. Минеева (1991), А. А. Волков (2001), Л. Н. Горобец (2008), Е. В. Клюев (2001), О. А. Баева (2002), Д. Вайссман (2004), Л. Г. Павлова (2004), К. Бредемайер (2005), М. Л. Гаспаровдун (1972), С. Ф. Иванованын (1978), С. А. Минееванын (1991), В. И. Андреев (1995), Н. А. Абрамова, И. А. Никулина (2021), Н. Н. Кохтев (1994), Т. В. Матвеева (2015), С. В. Меньшенина (2013), М. М. Бахтин (1996), Д. Б. Гудков (1999), В. В. Красных (1998), М. В. Метлов (2005), К. Бредемайер (2014), Е. Н. Кривенышева (2003), М. Л. Лучко (2006), Л. П, Сидоренко, Н. Н. Петрова (2015), С. В. Мкртычян

(2007), Р. П. Абельсон (1987), Н. Д. Арутюнова (1983), В. М. Баранов (1990), П. Б. Паршин (1986), Г. О. Винокур (1993), М. Я. Гловинская (1993), В. Иванова (1994), И. В. Сентенберг, В. И. Карасик (1993), И. А. Стернин (2001), Л. А. Шкатова (1994), Б. Д. Парыгин (1971), М. Л. Линецкий (1988), И. Ю. Черепанова (1991, 1996, 1998, 2001) Матвеев (1990), Мясищев (1998), А.Б.Бушев (1999), Н. Мурзин (1998), С. А. Тамарченко (1998), С. Ж. Мусаев (1998; 2000), Т. С. Маразыков (1996, 2005), С. Өмүралиева (1987), Б. Ш. Усубалиев (1994), В. Мусаева (2016), А. Обозканов (2016) өңдүү окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү жалпы риторика, анын ичинде кара риториканын өзөктүү концептуалдуу маселелерине түз же кыйыр тиешеси бар көз караш, концепциялар, маалыматтар түздү.

Ишти аткарууда бир катар **методдор, ыкмалар, анализ жүргүзүү процедуралары:** теориялык жана иллюстрациялык материалдар топтолуп, аларды ирееттөө, бир системага салуу зарылдыгы жаралгандыктан, иште системалаштыруу методу пайдаланылды . Ал эми сыпаттама методун колдонуу менен, окумуштуулардын көз караштары анализденип, сыпатталса, эвристикалык методдун жардамы аркасында теориялык маселенин маңызын чагылдырган саясий медиатексттер менен көркөм тексттер тандалып алынды . Ошондой изилдөөнүн жүрүшүндө интерпретациялоо, жалпылоо, анализ, синтез, салыштыруу методдору, лексикалык бирдиктердин семантикалык анализи, ошондой эле көркөм тексттерге риторикалык анализ жүргүзүүдө лингвистикалык, лингвостилистикалык анализдердин айрым элементтери колдонулду.

**2.3. Жалпы жана жеке риторика.** Илимий адабияттарда жалпы жана жеке риторика деп бөлүштүрүү салты бар. Тил илими жалпы жана жеке болуп бөлүнгөн өңдүү эле, риторика да окумуштуулар тарабынан жалпы жана жеке риторикаларга бөлүнүп каралат. Жалпы риториканын предмети катары ар кандай турмуштук кырдаалдардагы кептик жүрүм-турумдун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү жана кептин таасирин арттыруу үчүн аларды колдонуунун практикалык мүмкүнчүлүктөрү, көндүмдөрү эсептелет. Жалпы риториканын төмөндөгүдөй бөлүмдөрү бар:

1. риторикалык канон;
2. эл алдына чыгып сүйлөө (ораторика);
3. талаш-тартышка катышуу;
4. аңгемелешүү;
5. күнүмдүк сүйлөшүүнүн риторикасы;
6. этнориторика [Авеличев, 1986, 10].

Бөлүмдө саналып өткөн ар бир бөлүмгө өзүнчө токтолуу аркылуу, алардын ар бирине мүнөздөмө берилген. Ал эми жеке риторика жөнүндө сөз болгондо, изилдөөчүлөр адам ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир чөйрөлөрүнө байланышкан кептик жүрүм-турумдун маселелерине кайрылышат. Анткени жеке риторика жалпы риторикадан айырмаланып, кесиптик ишмердүүлүктүн

тигил же бул түрүндөгү кептин натыйжалуулугуна, таасирдүүлүгүнө байланыштуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөгө алат. Өзгөчө кептик жоопкерчиликтин жогорку деңгээлин талап кылган кесиптик ишмердүүлүктөрдө кепти мыкты деңгээлге жеткирүү аракеттери көрүлүп, ага жетүүнүн методдору иштелип чыккан. Маселен, кепке болгон өзгөчө жоопкерчиликти талап кылган кесиптерге, биринчи кезекте, дипломатия, медицина, педагогика, юриспруденция, административдик жана уюштуруу ишмердүүлүгү, социалдык кызмат, журналистика, соода, маркетинг, элге кызмат көрсөтүү өңдүү тармактарды киргизүүгө болот. Ошону менен эле бирге параграфтын башында сөз болгондой, педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, аскерий риторика, дипломатиялык риторика, эвристикалык риторика, иштиктүү риторика, илимий риторика, компоративдик риторика, полемикалык риторика, манипуляциялык риторика, медициналык риторика, кара риторика өңдүү риториканын бир катар түрлөрүн жеке риторикалардын катарына киргизүүгө болот.

**2.4. Ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптери.** Риторика таасирдүү, ынанымдуу, көркөм сүйлөөнүн теориясы жана искусствосу катары байыркы доордо жаралып, калыптанып, өнүгүүгө багыт алгандан тартып эле ораторлорду классификациялоонун, аларды типтештирүүнүн принциптери тууралуу ойлор айтылып келген. Маселен, Цицерондун трактаттарында ораторлордун үч тиби тууралуу сөз болот:

- адамдардын акылын арбап, жүрөгүнө жеткидей күчтүү сөз айткан, кубатынан тайбаган, чечкиндүү, көңүлү дайым көтөрүңкү ораторлор;
- кеби бардык нерсени көтөрө чалып мактоого эмес, анын табиятын түшүндүрүп, чечмелөөгө багытталган, так, ачык, орундуу сүйлөгөн токтоо ораторлор;
- ораторлордун жогорудагы эки тибине тең кирбеген, кебинде кылдаттык же ашыкча пафос байкалбаган, ортоңку типке кирген ораторлор [Гаспаров, 1972, 27].

Ал эми С. Ф. Иванованын изилдөөлөрүндө ораторлор темпераменттик бөтөнчөлүктөргө ылайык, эмоционалдуу-интуитивдүү, рационалдуулогикалуу философиялык лирикалык же көркөм-образдуу өңдүү типтерге бөлүштүрүлгөн [Иванова, 1978,29]. В .И. Андреевдин «Иштиктүү риторика» деген эмгегинде ораторлор оң же терс сапаттарына карап бөлүштүрүлүп, алардын 16 тиби бөлүнүп көрсөтүлгөн. Оң сапаттарга ээ ораторлордун катарына: **эврист, теоретик, абройлуу, интеллигент, новатор, оптимист, ак санатай (доброжелатель), эрудит, логик, өзүнө ишенген, практик** өңдүү типтер киргизилсе, ал эми кебинде терс спаттар басымдуулук кылган ораторлор катары: **демагог, чырга жакын (конфликтный), пессимист, консерватор, фамилярдуу** өңдүү ораторлордун типтери саналып берилген [Андреев, 1995,208].

Ал эми кыргыз элинде чечендик өзүнүн дареметине, сөз өнөрүнүн өздөштүрүү деңгээлине жараша бөлүштүрүлүп келген. Маселен, С. Закиров, С. Ж. Мусаев, А. Обозканов, О. Капалбаевдер тарабынан сунушталган классификацияда чечендер **акыл чечен, көрөгөч чечен, кургак чечен** өңдүү түрлөргө бөлүштүрүлүп, тиешелүү иллюстрациялар келтирилген. Маселен, кургак чечен, жөө чечендерге карата эл оозунда айтылган: «Пайдасы жок сөз айтып, маңыз сөздү чиритет. Пайдасы жок чечендик чөп чыкпаган кургактай. Сөз бербеген жөө чечен учуп жүргөн камгактай. Куру сөз курсак тойгузбайт, куру кеп кулак тойгузбайт. Куру суудан май чыкпайт, куру сөздөн маани чыкпайт» - деген өңдүү макалдар келтирилген.

**2.5. Риториканын базалык түшүнүк-категориялары.** Риторикага берилген аныктамалар бири-биринен айырмаланганы менен, ал азыркы учурда көркөм, таасирлүү сүйлөөнүн теориясы жана практикасына байланыштуу маселелерди, мыйзам ченемдүүлүктөрдү изилдөөчү илимий дисциплина катары аныкталып жүрөт. Албетте, алгач риторика термини тар мааниде, атап айтканда, чечендик өнөр, эл алдында чыгып сүйлөө искусствосуна карата колдонулса, мезгилдин өтүшү менен анын мааниси улам кеңейип отургандыгы белгилүү. Андыктан эл алдына чыгып сүйлөөнүн техникасын риторика түшүнүгүнөн айырмалоо үчүн «ораторика» же «оратория» деген термин колдонулары жөнүндө мындан мурунку параграфтарда сөз болгон. Мындан тышкары аталган параграфта салттуу риторикадагы бейвербалдык компоненттер, фонация, кинесика, окулесика, аускультация, гаптика, ольфакция, проксемика, хронемика, сөз өнөрү, чечендик өнөр, сөз чеберчилиги өңдүү бир катар түшүнүк-категориялар талдоого алынып, аларга аныкта- малар берилген.

**III бап «Кара ритоиканын тилдик табияты»** деп аталат.

**3.1. Кара риторика: максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери.** Кара риториканы манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар өңдүү каражаттарды пайдалануу жолу аркылуу максатка жетүү катары түшүндүрүүгө болот. Кара риторикага ар кандай аныктамалар берилип жүрөт. Маселен, кара риторика жаатындагы жалпыга белгилүү «Черная риторика. Власть и магия слова» аттуу эмгектин автору К. Бредемайер тарабынан кара риторика сүйлөшүүнү каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу катары аныкталган [Бредемайер, 2014,12]. Көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан кара риторика баарлашууну жеке мүнөзгө өткөрүү, этикалык нормаларды одоно бузуу аркылуу оппонентти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу менен, аны өзүнүн эркине баш ийдирүүгө, макулдатууга багытталган аракеттердин жыйындысы катары да түшүндүрүлөт [Кривенышева, 2003]. Демек, кара риторика турган эле жерден, же «кара риторика» деп атап койгон

үчүн эле жарала калган жок. Анткени демагогия, псевдологикалык технологиялар, вербалдык агрессия, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдар, инструменттер классикалык риториканын контекстинде жаралып өнүккөндүгүн жокко чыгарууга болбойт. Акырындап аларды теориялык жактан системалаштыруу, кеп агымынан «таанып», идентификациялоо аракеттеринин натыйжасында софистика, рабулистика андан соң аталган тармактардын баарын өзүнө камтыган кара риторика жаралгандыгы тууpасында параграфта сөз козголгон. Ал эми жалпы риториканын бир бөлүмү болгон этнориторикадан сөз болуп жаткан маселеге байланыштуу көп сандаган мисалдар табылат. Атап айтканда, кордоо айтыштарын, чечен айтыштарды, каргыштарды кыргыз этнориторикасындагы кара риториканын классикалык үлгүлөрү катары кароого болот. Маселен, кыргыз элинин чечендик айтыш өнөрүндө Түкбаш менен Куйручуктун айтышын кара риторика жана ага каршы туруунун фольклордогу үлгүсү катары келтирүүгө болот. Куйручук ушул жерден айтыштын экинчи этабына өтүп, Түкбаштын «арка кылар элиң жок», «өбөксүз», «жөлөксүз», демек, «жалгызсың, жармачсың» дегендей, кемсинтүүгө жооп кылып:

*Көпсүнгөнгө - көр бар, көп ичинен бөлүнөт.*

*Өйдөсүнгөнгө - өр бар, өбөктөйт да жүгүнөт* -деп, түбөлүктүү нерсе жок, жандуулар түгүл жансыздар да улам бирине бири ордун бошотот. Демек, «баары өзгөрөт, жаңырат» деген турмуштун бузулгус диалектикасын айтып келип:

*Жалгыз десең, күнгө тилиң тийгени,*
*Жарык берген дүйнөгө.*
*Жарты десең, айга тилиң тийгени,*
*Шоола чачкан түнүндө* деп, ай, күн, жер, асман, б.а., аалам алкагында экскурс жасап, адам мүнөздөрүндөгү өзгөчөлүктөрдү терең ажырата талдап, ошол эле учурда бийиктик менен пастыктын, акылмандык менен дөдөйлүктүн, чындык менен калпыстыктын, менменсингендик менен жөнөкөйлүктүн эмне экендигин чечендик өнөрүнө салып, элге түшүнүктүү кылып жөнөкөйлөштүрө чечмелеп чыгат [Обозканов,2016,59]. Бул параграфта кара риториканын негизги принциптери талдоого алынып, ак риторикада оппоненттти ынандыруу, ишендирүү полемиканын, дискуссиянын эрежелерин сактоо жолу менен ишке ашырылса, кара риторикада эрежелерди эске албастан, каршы пикир айтып жаткан оппоненттти кандай гана жол менен болбосун, жеңүү максаты коюла тургандыгына мисалдар келтирилген.

**3.2. Кара риторика жана суггестивдик лингвистика.** Суггестия түшүнүгү психологияда, маданият таанууда, тил илиминде өзгөчө мааниге ээ түшүнүк катары эсептелет. Медицинада, тил илиминде же башка тармакта болсун, суггестия - (лат.тил. suggestio -ишендирүү, кеңеш) вербалдык же бейвербалдык каражаттар аркылуу адамдын психикасына

манипуляциялоо же медициналык максатта таасир этүү менен, белгилүү бир аракеттерди аткарууга программалоо катары түшүндүрүлүп жүрөт. Ал эми тил илиминде тилдин адамдын аң-сезимине таасир тийгизүү менен, аны ишендирүүгө карата колдонулушу, б.а., анын рационалдык өңүтү, аргументтация аркылуу инсанга таасир этүүсү. Суггестиянын лингвистикалык негиздерин изилдөөгө жалпы тил илиминде А. Б. Бушев [1999], Н. Мурзин [1998], С. А. Тамарченко [1998], И. Ю. Черепанова [1991, 1996, 1998,2001] өңдүү бир катар окумуштуулардын эмгектери арналган. Демек, суггестия адамды кандайдыр бир аракеттерди аткаруусун мотивдештирип, ал коомдук турмуштун бир катар чөйрөлөрүндө кол- донулат. Атап айтканда, медицина, психология, психиатрия, шоу-бизнес, искусство, көркөм адабият, музыка, реклама, массалык-маалымат кар- ажаттары, юриспруденция, аскер ишинде, дин, саясат, спорт тармактарында жана ошондой эле тил илими жаатында да суггестия өзгөчө мааниге ээ. Аталган тармактардан тышкары суггестия кара риториканын коммуникативдик-когнитивдик негизин түзөт, анткени ишендирүү (внушение) кара риториканын стратегиялык максаты катары эсептелет. Жыйынтыктап айтканда, бул параграфта кара риторикада жеке бир адамды же адамдардын белгилүү топторун ишендирүү, ынандыруу, максатында өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу алдыңкы планга чыга тургандыгы конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында талдоого алынган. Маселен, базистик баалуулуктарга кайрылуу менен, алардын маанилерин жаңы жагдай-шартка ылайык актуалдаштыруу, ураандарды кайра-кайра кайталоо менен, аларды суггестиянын каражаттары катары пайдалануу, көбүнесе, саясий жарнамаларда кезиге тургандыгына күбө болуп жүрөбүз. *Маселен, «Жаңы адамдар - жаңы кадамдар»* «*Ыйман! Мыйзам! Тазалык!*», *«Жүрөгүмдө Кыргызстан!*», «*Бириксек, колдон келет*», «*Бир бол. Биз даярбыз! Сенчи!*», «*Ыймандуу бийлик. Берекелүү жашоо!*», «*Эл үмүтү. Социал-саясий партиясы. Чимкириктерден сактачу каражат!*» , «*Биримдик. Кыргызстан - Евразиянын жүрөгү!*», «*Улуу Кыргызстан. Жараткан колдосун!*» жана башка көптөгөн саясий партиялардын айрым лозунгдарынын суггестиянын каражаттары катары пайдаланылышы риторикадагы интимизация стратегиясы, диалогизация тактикасы менен байланыштуу каралган. Мындан тышкары лингвистикалык косметика, эвфемизмдерди пайдалануу («манипуляциялык эвфемия») [Болтаева, 2003,162] өңдүү ыкмалар да суггестиянын натыйжалуу каражаттары катары талданган.

**3.3. Риторикадагы кептик стратегиялардын типологиясы.** Кептин тигил же бул стратегиясы айтуучунун алдында коюлган максатка ылайык

тандалып алынат. Маселен, кептик коммуникация төмөндөгүдөй стратегиялык максаттарга карата багытталышы ыктымал:

1) маалыматты угуп жаткандардын же окуп кабыл алып жаткандардын ишенимине кирип, аларга жагып, абройго ээ болуу;
2) адресатка жаңы маалыматты жеткирүү;
3) адресаттын дүйнө таанымын өзгөртүү;
4) адресаттын маанайын көтөрүү;
5) адресатка кыр көрсөтүү;
6) адресатты психологиялык тең салмактуулуктан чыгаруу;
7) адресаттын натуура чечимди кабыл алуусуна бөгөт коюп, анын ката кетирүүсүн алдын алуу ж.б.у.с.

Ушул өңдүү жалпы мүнөздөгү өбөлгөлөр аркылуу шартталган белгилүү бир стратегиялык максаттардын төмөндөгүдөй типологиясы белгиленип жүрөт:

8) маалымдоо максаты, мында кептин предмети туурасында конкреттүү, бейтарап маалымат берилет;

9) ынандыруу максаты, т.а., зарыл, орундуу аргументтерди келтирүү менен, сүйлөп же жазып жаткан тараптын экинчи тарапты, б.а., адресатты өзүнүн оюна кошулуп, анын кубаттоосуна ээ болууга багыталган аракет;

10) ишендирүү максаты, адресатты логикага негизделген жүйөлөр менен катар анын эмоцияларына таасир тийгизүүчү тилдик каражаттарды колдонуу аркылуу аны ишендирүү;

- адресатты кандайдыр бир аракеттерге багыттоо [http://www.testing.pmi-pspu.ru/?cat=218]. Ошону менен эле бирге кептик стратегиялардын типологиясы боюнча да окумуштуулар арасында бирдиктүү, орток пикир жок. Маселен, диалогдук же айрым адабияттарда айтылып жүргөндөй, полемикалык риторикада кептик коммуникацияга кирген тараптардын кептик жүрүм-турумуна, улуттук менталитетине, алардын ортосундагы позитивдүү же негативдүү мамилесине карата алардын ортосундагы кептик стратегиялар аныктала тургандыгын талашсыз. Маселен, вербалдык агрессияны же конфликти алдын алуу максатында, кептик коммуникцияга кирген тараптардын ортосундагы талаш-тартыш жараткан жагдайды эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей эске алуу менен чечүүгө багытталган конструктивдүү, же тескерисинче, вербалдык агрессияга, тилдик манипуляцияларга негизделген конфронтациялык стратегияларга байланыштуу медиатексттер келтирилип, талдоого алынган.

**3.4. Кара риторикадагы кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдар.** Мындан мурунку параграфта риторикадагы кептик стратегиялар, коммуникативдик техникалык ык-амалдар, методдор жана инструменттер өз алдынча турганда бейтарап мазмунда болуп, алар кептик коммуникациянын катышуучусу тарабынан позитивдүү же негативдүү максатта, ниетте колдонула баштаганда гана ак же кара риториканын каражаттарына

айлана тургандыгына токтолгонбуз. Маселен, иштиктүү чөйрөдө конфронтациялык стратегияларга мүнөздүү тактикалар катары:

1)үстөмдүк кылууга умтулуу; 2) кептик жүрүм-турумдун агрессивдүү формасы; 3) эгоизмдин демонстрацияланышы [Виноградов, Карпинская, 2009].

Кара риторикада ойду далилдөөдө, экинчи тарапты ынандырууда же кайым айтышууда каршылаш тарапты жеңип, сүйлөтпөй коюу максатында софизмдин ар кандай түрлөрүн колдонуу практикаланып келет. Софизм катары логикалык жактан натуура, бирок маалыматты терең ойлонбой, талдабай кабыл алганда туурадай сезилген ой жүгүртүү, тыянак чыгаруу же аргумент келтирүү эсептелип жүрөт. Демек, софизм ой жүгүртүүнүн, аргу ментациянын натуура ыкмасы экендиги тууралуу жыйынтыкка келүү менен, анын жымсалданган «тууралыгы», псевдологикалуугу семиоткалык себептерге (метафоралуулук, омонимия, полисемия, амфиболия жана башка тилдик кубулуштарга) байланыштуу келип чыгат. Маселен, амфиболияга (кош маани, семантикалык кош пландуулук) соңку мезгилдердеги кыргыз саясий дискурсунан төмөндөгүдөй мисал келтирүүгө болот:

*Үмүт өлдү!*

*Дөөлөт кетти!*

*Адилет камалды* ! [https://he-il.facebook.com/groups/malymattar/] деген сүйлөмдөрдөгү «үмүт», «дөөлөт», «адилет» деген сөздөрдү окуганда, абстрактуу түшүнүктөр жөнүндө сөз болуп жаткандай түшүнүшүбүз ыктымал. Бирок фейзбук баракчасындагы азыркы учурдагы Кыргызстандагы расмий бийликке оппозициялык маанайдагы адам тарабынан жазылган бул үч сүйлөмдө конкреттүү адамдар тууралуу сөз болуп жаткандыгын бир окуганда эле түшүнүш кыйын. Чынында, мында 2020-жылдын октябрь айында болгон окуяларда көз жумган Алтынбек уулу Үмүт, 2022-жылы Бишкек шаарындагы Манас айылына байланыштуу бийлик өкүлдөрү менен болгон карама-каршылыктан улам Кыргызстандан чыгып кеткен манасчы Дөөлөт Сыдыков жана убактылуу камалган оппозициячыл блогер, жарандык активист Адилет Балтабай жөнүндө сөз болуп жатат. Мындай мисалдарды кара риторикага мүнөздүү софизмге эч кандай тиешеси жок, болгону саясий дискурска мүнөздүү макала, посттордун аталышы же слоганы деген өңдүү пикирлер да айтылышы мүмкүн. Бул параграфта медиатексттерден тышкары кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдарды иллюстрациялоо максатында көркөм тексттерден алынган үзүндүлөр да иликтенген.

**3.5. Тексттин риторикалык анализи жана риторикалык фигуралар.** Кыргыз тил илиминде текст, негизинен, лингвопоэтикалык жана таза тилдик өңүттөрдөн изилденип келет. Маселен, профессор Б. Усубалиев тарабынан көркөм чыгарманын тилинин лингвостилистикалык табиятын изилдөө аракети көрүлсө, ал эми профессор С. Өмүралиева Ч. Айтматовдун текст түзүүдөгү чеберчилигин конкреттүү бир чыгарманын семантикалык структурасына талдоо жүргүзүү аркылуу көрсөтүүгө аракеттенген

[Өмүралиева,1987]. Бирок тексттик лингвистикага тиешелүү негизги теориялык маселелерди таза тилдик аспектиден изилдениши Т. С. Маразыковдун 1996-жылы корголгон «Кыргыз тилиндеги текст уюштуруучу каражаттар» аттуу кандидаттык диссертациясынан башат алат. Мындан тышкары тексттин семантикалык структурасына, прагматикасына, бирдиктерине байланыштуу өзөктүү маселелер С. Ж. Мусаевдин «Текст: прагматика, структура» аттуу монографиялык эмгегинде ар тараптуу иликтенген [Мусаев, 2000]. Аталган эмгектердин дээрлик баарында теориялык маселелердин каралып, изилденишинин логикалык натыйжасы катары текстти ар кандай аспектилерден талдоо, анын ырааты, илимий-методологиялык негизи конкреттүү тексттерди, асыресе, көркөм тексттердин талданышы аркылуу көрсөтүлгөн. Демек, текст система-структуралык, семантика- функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин объектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык аспектилерден талдоого алынса, ал эми илимий риторикада тексттин же болбосо айтымдын риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүрүгүзүлөт [Лотман,1998,23]. Текстке риторикалык талдоо жүргүзүү аркылуу тексттин риторикалык түзүлүшүнүн ар кандай аспектилерине мүнөздүү маселелерди, атап айтканда, кеп аркылуу таасир этүүнүн ар кандай ыкмаларын, кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышын, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышын, ошондой эле риторикалык фигуралардын жана стратегемалардын колдонулушун көрүү менен, алардын аракетке киришине байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Риторикалык талдоо полемикалык риторикадагы диалогдорго, ошону менен эле бирге көркөм диалогдорго да жүргүзүлөрү туурасында ушул параграфта сөз болуп, андагы ар бир талап конкреттүү мисалдар аркылуу иллюстрацияланган.

**3.6. Элокуция жана кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу.** Риторикалык кептин классикалык канону беш этаптан турат. Ораторлук кептин жаралып, калыптануу процессинде ойдун тилдик каражаттар менен жабдылып, реализацияланыш этабы бешинчи этап катары эсептелип, ал илимий риторикада элокуция деп аталат. Ал эми кептин эффективдүүлүгү стилистикалык жана риторикалык фигураларды натыйжалуу колдонууга да байланыштуу. Бул параграфта ораторлук кептеги риторикалык фигуралар кайталоо, калтыруу, жылдыруу, окшоштуруу, контрасттык жана бирдейлик фигуралары өңдүү топторго бөлүштүрүлүп каралды. Маселен, кайталоо тобуна анафора, эпифора, анаэпифора, хиазм өңдүү риторикалык фигуралар киргизилсе, калтыруу тобуна эллипсис, контекстуалдык элизия, апозиопезис, просиопеза фигуралары тиешелүү. Ал эми орун которууга байланыштуу инверсиялар, кыстырынды конструкциялар, парцелляция, парентеза сыяктуу фигуралары колдонулары белгилүү. Ошондой эле контрасттык жана бирдейлик троптору деген топко метонимия, синекдоха, антифразис, литота,астеизм, перифразис, антоно-

масиялар тиешелүү. Мындан тышкары риторикада ойдун фигуралары деген топ да бар экендиги окумуштуулар тарабынан белгиленип, ага плеоназм, синонимдик кайталамалар, гипофора, регрессия өңдүү фигуралар киргизилген [Чуешов, 2008,45]. Бул параграфта аталган риторикалык фигуралардын колдонулушуна байланыштуу көркөм жана медиатексттерден алынган конкреттүү тилдик фактылар талдоого алынган.

**3.7. Кара риторикадагы жана кара пиардагы айрым манипуляциялык амалдар.** Параграфта риториканын, кара пиардын манипуляциялык технологиялары катары ирония, какшык, мыскыл аркылуу басынтуу Кыргызстандагы саясат айдыңында расмий бийлик тарабынан да, оппозициялык маанайдагы саясатчылар тарабынан да активдүү колдонулуп жаткандыгына саясий риторикадан бир катар мисалдар келтирилген. Мындан тышкары вербалдык жана псевдологикалык манипуляциялардын катарына кирген «рационалдуу аргументацияны келтирүүдөн качуу», «жалган себепти аргументация катары келтирүү», «жалган аналогия», «негативдүү маанидеги божомол ойлор, кыйытмалар» аркылуу жүргүзүлгөн манипуляция, «ирония, какшык аркылуу басынтуу», «жалган түшүндүрүү» (псевдообъяснение), «жалган жыйынтык», (ложный вывод), ошондой эле «жалган макул болуу» (псевдосогласие), жалган сый көрсөтүү (псевдоуважение) өңдүү манипуляциялардын прагматикалык табияты көркөм саясий медиатексттерден алынган үзүндүлөрдүн мисалында иллюстрацияланып берилген.

## КОРУТУНДУ

Изилдөө ишинин киришүү бөлүмүндө сөз болгондой, азыркы илимий адабияттарда риторика бир катар дисциплиналар менен тыгыз байланыштагы, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес аларды өздөштүрүүнүн «кептик» инструментине айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирлүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги же искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү.

Кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги жалпы тил илими, түркология жана кыргыз тил илими жааттарында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн контекстинде каралып, бир катар тыянактар чыгарылган. Мындан тышкары советтик тил илиминде риториканын сынга алынып, анын ордуна кеп маданияты жана стилистика багытындагы изилдөөлөрдүн жандануу тенденциясынын мурунку союздук республикалардын титулдук улуттарынын тил илимдерине, анын ичинде кыргыз тил илимине да тийгизген таасирине байланышкан маселелер иликтенген. Мындай тенденция түркология жаатында да эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарына чейин сакталгандыгы казак, азербайжан, өзбек тил

илимдери жааттарындагы изилдөөлөрдүн мисалында көрсөтүлгөн. Ал эми кыргыз тил илиминде риторикага, анын ичинде кара риторикага байланыштуу фолькористика жаатындагы изилдөөлөр катары чечендик өнөрдүн жанрдык, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, өнүгүү этаптары өңдүү өзөктүү маселелер каралган. Ошону менен эле бирге ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүдө Цицерондун трактаттарында, В. И. Андреевдин, С. Ф. Иванованын изилдөөлөрүндө сунушталган классификациялар каралган. Аталган маселелер менен катар салттуу риторикадагы бейвербалдык компоненттер, фонация, кинесика, окулесика, аускультация, гаптика, ольфакция, проксемика, хронемика, сөз өнөрү, чечендик өнөр, сөз чеберчилиги өңдүү бир катар түшүнүк-категориялар талдоого алынып, аларга аныктамалар берилген. Өзөктүү дагы бир маселе катары суггестиянын методдорунун тил илиминде колдонулушу, суггестивдик лингвистика менен кара риториканын орток проблемалары каралган. Ушул эле маселеге байланыштуу полемикалык риторикадагы бейконфронтациялык жана конфронтациялык стратегиялардын ар бирине тилдик фактылардын мисалында мүнөздөмө берилген. климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, апозиопезис, прозиопезис, астеизм, парцелляция өңдүү жана башка риторикалык фигураларды иллюстациялоо үчүн интернет булактарынан алынган материалдар, саясатчылардын кайрылуулары, алардын ортолорундагы полемикалык риторика, кайым айтышууларга байланыштуу мисалдар талдоого алынган. Жыйынтыктап айтканда, маалымат технологияларынын, медиаресурстардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнүн күн санап өсүшү менен, кара риторикага мүнөздүү болгон вербалдык агрессиянын, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык манипуляциялык амалдардын колдонулуш чөйрөсү улам кеңейип бараткандыгы байкалат. Ошону менен эле бирге аталган амалдарга каршы туруунун, контраргумент келтирүүнүн ак риторикадагы ык-амалдары, манипуляциядан коргонуунун техникалары да иштелип чыгып, активдүү колдонулуп жаткандыгына күбө болуудабыз.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1.Мураталиева, У.Т. Элементы черной риторики в диалогических жанрах фольклорных произведений [Текст] / У.Т.Мураталиева // Научный аспект, т. 4, № 2 - 2019. -С. 896-904. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=39164482

1.Мураталиева, У. Т. Сүйлөшүү стилин речте колдонуу ыкмасы жана тилден тышкаркы факторлору [Текст] / У.Т. Мураталиева // Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 125-135-б.б. ttps://www.elibrary.r u/item.asp?id=42565345

3 .Мураталиева, У. Т. Сүйлөшүү стилиндеги бейвербалдык каражаттардын колдонулушу [Текст] / У. Т. Мураталиева // Ала Тоо Academic Studies. -2019. -№4. 136-147-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565346

4 .Мураталиева, У. Т. Риториканын адамга таасир этүүсү жана сөздүн магиялык табияты [Текст] / У. Т. Мураталиева // Ала Тоо Academic Studies. 2019. №3 162-168-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466314.
5 .Мураталиева, У. Т. Риторикадагы сөздөрдүн магиялык күчү жана алардын лексика-семантикалык белгилери [Текст] / У. Т. Мураталиева // Ала Тоо Academic Studies. -2019. -№3. 169-175-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466315
6 .Мураталиева, У. Т. Влияние красноречия на жизнь человека [Текст] / У. Т. Мураталиева // Научный аспект, т. 3 , №4 -2020. 292-299 стр. ISSN 2226-5694
7 .Мураталиева, У. Т «Манас» эпосун кара сөзгө айландыруунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / У. Т. Мураталиева // Вестник Кыргызстана. -2021. №1 (2). -С. 58-65. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48067904
8 .Мураталиева, У. Т Элдик оозеки чыгармачылыкта кара риториканын берилиши [Текст] / У. Т. Мураталиева // Вестник КГУСТА. -2022. №1(75). -С. 158-161. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909
9 .Мураталиева, У. Т. Чечендиктин диалогдук кепте берилиши [Текст] / У. Т. Мураталиева // Академик Б. Орузбаева жана филология маселелери. Илимий жыйнак. -2016. 150-154-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909
10 **.**Мураталиева, У. Т. Сөздүн магиялык кудурет-күчү жөнүндө [Текст] / У. Т. Мураталиева // Наука и новые технологии. -2013. - №1. - С. 265-270.

**Мураталиева Уркуя «Тойчуевнанын Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси» деген темада 10.02.01. - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** *риторика, кара риторика, чечендик өнөр, оратор, ораторика, риторикалык канон, инвенция, диспозиция, элокуция, демагогия, вербалдык агрессия, манипуляция, рабулистика, софистика.*

Изилдөөнүн **объектиси** катары жалпы жана кара риторикадагы стратегиялар, кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар эсептелет.

Изилдөөнүн **предмети** катары риторикалык фигуралар, көркөм тексттер, саясий медиатексттер тандалып алынды.

**Изилдөөнүн максаты**. Изилдөө ишинин негизги максаты катары жалпы риториканын изилдөө ишине байланышы бар айрым өзөктүү маселелеринин, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларына, принциптерине, манипуляциялык ык-амалдарынына, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин фактыматериалдарынын негизинде изилдөө саналат.

**Изилдөө методдору.** Изилдөө ишинде системалаштыруу, сыпаттама, интерпретациялоо, жалпылоо, анализ, синтез, салыштыруу эвристикалык методдор, лексикалык бирдиктердин семантикалык анализи, ошондой эле көркөм тексттерге риторикалык анализ жүргүзүүдө лингвистикалык, лингвостилистикалык анализдердин айрым элементтери колдонулду.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы.** Жалпы риториканын айрым негизги маселелери менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын мисалында каралышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Мындан тышкары риторикалык фигуралардын кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, манипуляциялык ык-амалдарын, псевдологикалык технологияларын реализациялоо максатында колдонулушун, көркөм текстке риторикалык талдоонун жүргүзүлүшүн жана ушул өңдүү өзөктүү аспектилерге тиешелүү бир катар маселелердин изилденишин иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Иштин колдонулуу чөйрөсү.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдик лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошону менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү

жана жумушчу программаларды, лекциялардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Мураталиевой Уркуя Тойчуевны на тему «Магическая сила слова: проблема риторики» представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01- кыргызский язык**

**Ключевые слова:** *риторика, чёрная риторика, ораторское мастерство, оратор, ораторика, риторический канон, инвенция, диспозиция, элокуция, демагогия, вербальная агрессия, манипуляция, рабулистика, софистика*.

**Объект исследования -** речевые стратегии, тактики, манипулятивные приемы, псевдологические технологии, применяемые в общей и черной риторике.

**Предметом исследования** выступают риторические фигуры, художественные и политические медиатексты.

**Цель исследования.** Цель диссертационной работы заключается в исследовании на примере фактов и материалов кыргызского языка некоторых ключевых вопросов, касающихся общей риторики, а также проблем, связанных с основными стратегиями и тактиками, принципами, манипулятивными приёмами, псевдологическими технологиями чёрной риторики.

**Методы исследования.** В ходе исследования были использованы такие методы как, систематизация, описание, интерпретация, анализ и синтез, сравнение и эвристический метод. А также были использованы некоторые элементы лингвистического, лингвостилистического методов в процессе риторического анализа художественного текста.

**Научная новизна результатов исследования.** Новизна исследования заключается в рассмотрении на примере материалов кыргызского языка концептуальных проблем черной риторики наряду с некоторыми основными вопросами общей риторики. Помимо этого, новизна работы определяется рассмотрением риторических фигур, являющихся средствами реализации основных стратегий и тактик, манипулятивных приемов, псевдологических технологий, а также осуществлением риторического анализа художественного текста.

**Область применения.** Результаты, выводы, полученные от исследования могут найти свое применение в процессе проведении лекций и семинарских занятий по таким предметам, как риторика, культура речи, лингвистика текста, современный медиатекст, когнитивная лингвистика, экспрессивный синтаксис, коммуникативный синтаксис, лингвистический анализ текста. Также, результаты данного исследования могут служить в

качестве теоретического материала для разработки учебных пособий, типовых, рабочих программ и лекций по указанным выше дисциплинам.

## SUMMARY

of the dissertation of Muratalieva Urkuya Toychuyevna on the topic “The magic power of the word: the problem of rhetoric” submitted for the degree of Candidate of Philological Sciences in the specialty 10.02.01-Kyrgyz language

**Keywords:** *rhetoric, black rhetoric, oratory, oratorio, oratorio, rhetorical canon, invention, disposition, eloquence, demagogy, verbal aggression, manipulation, rabulistics, sophistry.*

**The object of research** is speech strategies, tactics, manipulative techniques, **pseudological technologies** used in general and black rhetoric.

**The subject of the study** are rhetorical figures, artistic and political media texts.

**The purpose of the study.** The purpose of the dissertation work is to study, by the example of facts and materials of the Kyrgyz language, some key issues related to general rhetoric, as well as problems related to the main strategies and tactics, principles, manipulative techniques, **pseudological technologies of black rhetoric**.

**Research methods.** In the course of the research, such methods as systematization, description, interpretation, analysis and synthesis, comparison and heuristic method were used. And also some elements of linguistic, linguistic- stylistic methods were used in the process of rhetorical analysis of a literary text.

**Scientific novelty of the research results.** The novelty of the research lies in considering the conceptual problems of black rhetoric along with some basic issues of general rhetoric on the example of the materials of the Kyrgyz language. In addition, the novelty of the work is determined by the consideration of rhetorical figures, which are the means of implementing basic strategies and tactics, manipulative techniques, pseudological technologies, as well as the implementation of a rhetorical analysis of a literary text.

**Scope of application**. The results and conclusions obtained from the study can be applied in the course of lectures and seminars on such subjects as rhetoric, speech culture, text linguistics, modern media text, cognitive linguistics, expressive syntax, communicative syntax, linguistic analysis of the text. Also, the results of this study can serve as theoretical material for the development of textbooks, standard, work programs and lectures in the above areas.

